# КЫРГЫЗ ТИЛИ

***1-категория (3–4-класстар)***

*Узактыгы: 60 мүнөт | Жалпы балл:*

## 1- Бөлүм: Лексика- Грамматика (15 тапшырма)

Тест окуучу сөздүн лексикалык- грамматикалык маанисин түшүнүүсүн текшерет. Жооптун 1 гана туура вариантын (а,б же в) тандагыла.

1. Кыргыз алфавитинде канча йоттошкон тамга бар?

А) 4 Б) 3 В) 2

2. Кыргыз тилинде канча созулма үндүү бар?

А) 6 Б) 8 В) 7

3. Муун канча түргө бөлүнөт?

А) 2 Б) 1 В) 3

4. Кимге? Эмнеге? Деген сроолор айсы жөндөмөнүн суроолору?

А) Атооч Б) Барыш В) Чыгыш

5.Уңгулары окшош болгон заттын атын билдирген сөздөр.... деп аталат.

А) Уңгулаш этиш Б)Уңгулаш зат атооч В) Уңгулаш сын атооч

6. Кайсы сөздөр уңгулаш сан атооч сөздөр болот?

А) боз, бозомук,бозураак Б)он,ондой,онунчу В) көл, көлгө, көлчүк

7. Кыргыз тилинде канча сөз түркүмү бар?

А) 8 Б) 10 В) 12

8. Зат атоочтун канча  жөндөмөсү бар?

А)  6 Б) 7 В) 8

9. ”Апам жумуштан кеч келди” Аталган сүйлөмдөн чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздү тапкыла?

А) Кеч Б) келди В) жумуштан

10. ”Айбек жакшы бала.“Сүйлөмдөгү асты чийилген сөз кайсы сөз түркүмүнө кирет?

А) Зат атооч Б) сын атооч В) сан атооч

11) Ат атоочтор канча түргө  бөлүнөт?

А)  2 Б) 3 В) 4

12. Жекелик  түрдөгү ат атоочторду тап?

А) мен,биз,сиз Б)биз,алар,сен В) мен,сен,ал

13. Заттын кыймыл-аракетин көрсөтүп эмне кылды? Эмне кылып жатат? Деген суроолорго жооп берген сөз түркүмүн тапкыла?

А) этиш Б) зат атооч В) ат атооч

14. Этиштин канча  чагы  бар?

А)  5 Б) 3 В) 4

15. Маанилик  жактан байланыштагы 2 же андан көп сөздөр .... деп аталат.

А)  Сөз айкашы Б) Учур  чак В) Этиш

## 2- Бөлүм. Окуп Түшүнүү ( 3 бөлүк)

Текстте берилген маалыматты түшүнүү, талдоо тыянак чыгаруу билгичтиги текшерилет.

### 2.1. Бөлүк.

Диалогдун башталышын оку. Андан кийин жооптордун варианттарын окуп, бир туура жоопту танда.

1. -Сен бүгүн машыгууга барасынбы?

А)- Жок , ал кызыктуу эмес.

Б)- Ооба, абдан жарашты.

В)- Жок бүгүн барбайм.

2. -Бүгүн менин туулган күнүм

А)- Куттуктайм!

Б)- Азаматсың!

В)-Сонун экен!

3. -Бүгүн токойдон козу карын терип келелиби?

А)- Макул, оңой тапшырма экен.

Б)- Макул, сатып берем.

В)-Макул барып келели.

4. -Сен кайсы спорт ийримине катышасың?

А)- Мен эс алып келдим.

Б)- Мен футбол ийримине барам.

В)-Мен китепти жакшы көрөм.

5. -Сен канча бир туугансың?

А)- Менин бир агам, бир эжем бар.

Б)- Менин айылым кооз

В)-Менин кызыгууларым көп.

## 2.2. Бөлүк.

Текстти оку. Текст  боюнча тапшырмаларды аткар.Жооптордун ичинен бир  вариантты танда.

**Ден соолук**

Ден соолук адам үчүн эң маанилүү байлык. Ден соолукту сактоо үчүн туура тамактануу, таза  абада ойноо жана спорт менен машыгуу керек. Эртең мененки көнүгүү денени чыңдайт.Убакытында уктоо да  ден соолукка пайдалуу. Зыяндуу адаттар ден  соолукка чоң зыян келтирет.

1. Ден соолук эмне үчүн  маанилүү?

А)- Оюн  ойнош үчүн

Б)- Эң чоң байлык  болгондуктан

В)-Сабакка  барбаш үчүн

2. Ден соолукту  сакташ үчүн эмне кылуу керек?

А)- Кеч уктоо

Б)- Көп  таттуу жеш керек

В)-Туура  тамактануу  жана спорт

3. Эртең мененки көнүгүү эмне кылат?

А)- Денени алсыратат

Б)-Денени чыңдайт

В)-Уйкуну  бузат

4. Убакытында уктоо эмнеге пайдалуу?

А)- Ден  соолукка

Б)- Оюнга

В)-Телефонго

5. Эмне ден соолукка зыян?

А)Жашылча жеш

Б)Газдалган суусундуктарды көп  ичүү

В) Суу ичүү

## 2.3. Бөлүк.

Текстти оку. Текст  боюнча тапшырмаларды аткар. Жооптордун ичинен бир  вариантты танда.

**Чоң апам**

Салам, достор. Кандайсыңар? Бүгүн мен чоң апам тууралуу айтып бергим келет. Чоң
апамдын аты Ширин Азаматовна. Ал көп жылдар бою дарыгер болуп иштеген. Чоң апам оорукaнада балдар бөлүмүн жетектеген. Ал көптөгөн жаш балдарды айыктырган. Анын мамлекеттик көп сыйлыктары бар. Ал тууралуу газета-журналдарга макала, репортаждар
жазылган. Чоң апам азыркы кезде ардактуу пенсионер. Биз чоң апабыз менен сыймыктанабыз.
Ал эми силер чоң апаңар тууралуу эмнелерди билесиңер? Силерден кызыктуу аңгемелерди,
түрдүү кабарларды күтөм.

1. Текстте ким жөнүндө сөз болду?

А) Таене Б) Апа В) Чоң эне

2. Ал _____ болуп иштеген.

А) Дарыгер Б)Мугалим В)Тарбиячы

3. Азыр чоң апам _____ .

А)Эс алууда Б) Иште В) Ооруканада

4. Чоң апам эмгеги үчүн көптөгөн ______ алган.

А)Жардамдарды Б)Сыйлыктарды В)Сунуштарды

5. Чоң апам менен ______.

А)Сагынабыз Б)Сыймыктанабыз В)Алдабайбыз